УДК: 370.179.1.
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-499-505

**Сулайманова Ж.Н.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
кgu-tiikt@mail.ru

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН «ТЕХНОЛОГИЯ» ЖАНА «КӨРКӨМ ӨНӨР» ПРЕДМЕТИ САБАКТАРЫНДА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Аннотация.** Макалада маданият, искусство, чыгармачылык, элдик чыгармачылык, окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгү жана өз алдынчалыгы, окуу процесси деген түшүнүктөр ачылган. Көптөгөн муундардын акылмандыгын-даанышмандыгын жана талантын, шык-жөндөмүн өзүнө сиңирген элдик чыгармачылык бул сапта алдыңкы жетектөөчү орунду ээлейт жана, арийне, жаштар тарабынан изилденип, өнүктүрүлүшү кажет. Ал бир эле убакта элестүү ой жүгүртүүнү жана фантазияны өнүктүрөт, инсандын активдүүлүгүн жана башка көптөгөн жакшы сапаттарын жогорулатат. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктү үйрөнүү жана өздөштүрүү боюнча иш учурунда алынган билим, билгичтик жана көндүмдөр чыгармачылык процессти активдештирет, таанып-билүүчүлүк процесстерин: сезимди, кабылдоону, эс тутумду, ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.Элдик чыгармачылыктын чыгармалары, аларды билгичтик жана системалуулук менен пайдаланууда жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларына олуттуу таасирин тийгизет, көркөм өнөр жана технологиялык шык-жөндөмдөрдү калыптандырууда натыйжалуу стимул, чыгармачылык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн активдүү куралы болуп саналат. Окуучулар ири көлөмдөгү таасирлерге кабылуу менен, аларды ой чабытында иштеп чыгышат жана өздөрүнүн чыгармачылык ишмердүүлүгүнө ишке ашырышат. Элдик чыгармачылыктын салттарын окуу процессинде пайдалануу окуучулардын турмуштук таасирлеринин тажрыйбасын дайыма кеңейтип, толуктап, байытып турат.

**Негизги сөздөр:** билим берүү сапаты, технологиялык билим берүү, маданият, долбоорлор методу, чыгармачылык, элдик чыгармачылык, технология, өз алдынча иш, маалымат.

**Сулайманова Ж.Н.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
кgu-tiikt@mail.ru

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ВОЗМОЖНОСТИ ТВОРЧЕСКОЙ АКТИВНОСТИ УЧАЩИХСЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УЧРЕЖДЕНИЙ НА ЗАНЯТИЯХ ПРЕДМЕТОВ «ТЕХНОЛОГИЯ» И «ИЗОБРАЗИТЕЛЬНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ТВОРЧЕСТВО»

**Аннотация.** В статье раскрываются понятия культура, искусство, творчество, народное творчество, творческая активность и самостоятельность учащихся, процесс обучения.

Народное искусство, вобравшее в себя мудрость и талант многих поколений в этом ряду, занимает ведущее место и, безусловно, должно изучаться и развиваться молодежью. Одновременно, оно развивает воображение и фантазию, повышает деятельностную активность и многие другие положительные качества личности. Знания, умения и навыки, полученные в работе по изучению и освоению народного декоративно-прикладного искусства, активизируют творческий процесс, развивают познавательные процессы: ощущение, восприятие, память, мышление. Произведения народного творчества, при умелом и систематическом использовании, оказывают существенное влияние на учащихся общеобразовательных учреждений, являются эффективным стимулом в формировании изобразительных и технологических навыков и умений, активным средством в развитии творческой деятельности. Учащиеся, получая огромное количество впечатлений, перерабатывают их и реализуют в своей творческой деятельности. Использование традиций народного творчества в учебном процессе постоянно обогащает опыт жизненных впечатлений учащихся.

**Ключевые слова:** качество образования, технологическое образование, культура, искусство, метод проектов, творчество, народное творчество, технология, самостоятельная работа, информация.

**Sulaimanova Zh.N.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
кgu-tiikt@mail.ru

## PEDAGOGICAL POSSIBILITIES OF CREATIVE ACTIVITY OF STUDENTS OF GENERAL EDUCATIONAL INSTITUTIONS AT THE CLASSES OF THE SUBJECTS "TECHNOLOGY" AND "FINE AND ARTISTIC CREATIVITY"

**Annotation.** The article reveals the concepts of culture, art, creativity, folk art, creative activity and independence of students, the learning process. Folk art, which has absorbed the wisdom and talent of many generations in this series, occupies a leading place and, of course, should be studied and developed by young people. At the same time, it develops imagination and fantasy, increases activity and many other positive personality traits. The knowledge, skills and abilities acquired in the study and development of folk arts and crafts activate the creative process and develop cognitive processes: sensation, perception, memory, thinking. The works of folk art, with skillful and systematic use, have a significant impact on students of educational institutions, are an effective incentive in the formation of visual and technological skills and abilities, an active tool in the development of creative activity. Students receive a wide range of impressions, process them and incorporate them into their creative work. The use of folk creative traditions in the learning process constantly enriches the life experience of students.

**Key words:** quality of education, technological education, culture, art, project method, creativity, folk art, technology, independent work, information.

Жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын көркөм өнүгүүсүн ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн реалдуулуктун жана искусствонун эстетикалык кубулуштарын кабыл алуу аркылуу аларды курчап турган дүйнөнүн коолдугу менен тааныштырып гана тим болбостон,

ошондой эле аны өздүк чыгармачылык менен алектенүүнүн жүрүшүндө – сүрөт тартуу, кагаз, кездеме, кийиз менен иштөө, жыгачты оюп-кесип иштөө, аңгеме айтып берүү ж.б. чагылдырууга аракет кылуу зарыл. Көркөм ишмердүүлүк бул багытта бай мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет, анткени ал түпкүлүгүндө кайра түзүүчү жана жаратуучу мүнөзгө ээ. Мындай кырдаалда окуучу курчап турган дүйнөдөн алган таасирлерин чагылдырып, өзүнүн фантазиясынын образдарын ар кандай материалдардын жардамы менен реалдуу формага которуп (көркөм көчүрүп) бере алат.

Окуучуларды дүйнөлүк жана улуттук маданияттын бай казынасы менен тааныштыруу аларда чыныгы эстетикалык кез караштарды жана принциптерди калыптандырат. Маданият эстеликтерине, элдик чыгармачылыкка, музыка, адабият, живопись чыгармаларына терең урмат менен мамиле жасоого тарбиялоо – ар бир мугалимдин асыл жана ардактуу милдети, анткени элдик чыгармачылык адам баласынын ишмердүүлүгүнүн эбегейсиз зор катмары.

Маданиятты адам жаратат деген чын болсо, анда тескерисинче адамдын өзү көп учурда маданият менен жаратылган деген дагы чындык бар. Маданият – бул өзгөчө түрдөгү – нормалардын, баалуулуктардын жана социалдык институттар аркылуу интеграцияланган системалардын, адам ишмердүүлүгүнүн бүтүндүгү. Өзүнүн өнүгүүсүндө ал анда жашаган жана аны менен жашаган адамдарга салыштырмалуу көз каранды эмес.

Маданий баалуулуктар адамдардын жаратылышка, коомго, бири-бирине болгон мамилесин, дененин жана рухтун муктаждыктарын, билимин, жаратмандыгын жана сулуулугун аныктайт.....

Чыгармачылыкты төмөнкүчө: берилген предмет үчүн мурда белгисиз нерсени жаратууга, ачууга салым кошкон ишмердүүлүк; сапаттык жактан жаңы нерсени жаратуучу жана кайталангыстыгы, оригиналдуулугу жана социалдык-тарыхый өзгөчөлүгү менен айырмаланган ишмердүүлүк; жаңы маданий жана материалдык баалуулуктарды түзүү катары аныктоого болот.

Бир жагынан, чыгармачылык - бул жаңы материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратууга алып келген ишмердүүлүк. Маңызы боюнча маданий-тарыхый феномен болгондуктан, чыгармачылык психологиялык, инсандык жана процедуралык аспектке ээ. Ал инсандын жөндөмдүүлүгүнө, мотивине, билимине жана көндүмүнө ээ болушун болжолдойт, ошонун аркасында жаңылыгы, оригиналдуулугу жана кайталангыстыгы менен айырмаланган буюм түзүлөт [1, 2-б].

Мектеп окуучуларына технологияны, көркөм сүрөт жана көл өнөрчүлүктү окутуудагы негизги милдет окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын өнүктүрүү негизги милдет болуп саналары анык нерсе.

Мугалимдин милдети – өзүнүн бардык окуучуларын сүрөт тартууга, чыгармачылык кубанычтын эң сонун булагына кызыктырып тартуу, окуучулардын байкоочулук жөндөмүн өнүктүрүү, алардын көргөндөрүн эмоционалдык жактан сезе билүүгө, аларды баяндап айтып берүүгө жетиштирүү, сүрөттөрдө, көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарында өз таасирлерин чыгармачылык менен жеткирүүгө түрткү берүү (1-сүрөт).





а) б)



в)

**1-сүрөт а,б,в:** Мектепте «Технология» предмети боюнча сабактардагы чыгармачылык процесс окуучулардын педагогикалык практикасынын мезгилинде

Окуучуларды элдик чыгармачылык менен тааныштырууда төмөндөгүлөрдү эске алуу зарыл: элдик чыгармачылык – балдардын көркөм чыгармачылыгынын өзгөчөлөнгөн катализатору; элдик чыгармачылыкта муундардын салттуу көркөм тажрыйбасы акуумуляцияланат (топтолот); элдик чыгармалардын жана көркөм кол өнөрчүлүк чыгармалары искусствонун башка түрлөрү (живопись, графика, скульптура) менен катар көркөм табитти, эстетикалык идеалды, ар кандай материалдар менен иштөөнүн алгачкы көндүмдөрүн жана жөндөмдөрүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, инсанды активдештирүүгө көмөктөшөт.

Белгилей кетчү нерсе, окуучулардын көркөм ишмердүүлүгүнүн башка түрлөрүнө салыштырмалуу элдик көркөм кол өнөрчүлүк боюнча сабактар ар бир окуучуга жеткиликтүү деңгээлде өзүнүн көңүлүнө төп келген ишти табууга мүмкүндүк берүүчү, пайдаланылган технологиялардын көп түрдүүлүгү инсандын өнүгүүсү үчүн эң ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Мындан тышкары, элдик уз-чеберлердин эмгектери менен таанышуу жана алар менен иштөө процессинде окуучулар бир гана көркөм көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болбостон, ошондой эле чыгармачылыктын бул түрүнүн өзгөчөлүктөрүн да түшүнүүгө жетишишет. Алардын алдында сулуулуктун (эстетиканын) укмуштуудай жана белгисиз дүйнөсү ачылат; алар алыскы ата-бабаларынын курчап турган жаратылышка жана буюмдарга чыныгы акылман жана элестүү-философиялык мамилесинин күбөлөрү болуп калышат. Жогоруда айтылгандарга, түрдүү элдердин чыгармачылыгы менен таанышууга, өздөштүрүүгө багытталган азыркы учурдагы заманбап жана элдик чыгармачылыктын өз ара байланышы, биринчиден, туулган жерди сүйүүгө тарбияласа, экинчиден, ата-бабалардын чыгармачылыгына кылдат мамилени калыптандырат, үчүнчүдөн, дүйнөгө эстетикалык мамилени тарбиялайт деген ойлорду да кошууга болот.

Көп жылдык педагогикалык практика салттуу элдик кол өнөрчүлүктүн айрым компоненттерин аныктоого мүмкүндүк берди, алар окуучулардын көркөм өнүгүүсүндө, алардын чыгармачылык потенциалын активдештирүүдө өзгөчө мааниге ээ, алсак: салттуу искусство өзүнүн спецификалык көркөм жана экспрессивдүү каражаттары менен табиятынан эле эстетикалуу келет; элдик чыгрмачылык өзүнүн колориттүүлүгү, көп түрдүүлүгү жана жарашыктуу көркөмдүүлүгү менен өзүнө көңүл бурдурат; кайра жаратуунун жеткиликтүү ыкмалары окуучулар тарабынан аны өздөштүрүү үчүн өбөлгө түзөт; элдик чыгармачылыкты өздөштүрүү тигил же бул улуттун спецификалык өзгөчөлүктөрүн, инсандын интерулуттук сапаттары калыптануучу негиз болуп саналган азыркы адамдын психологиясын терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Элдик чыгармачылыктын үлгүлөрүн материалда да, ошондой эле имитациялоо техникасында да практикалык ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү менен айкалышта кабыл алуунун жеткиликтүүлүгү окуучулардын көркөм өнүгүүсүн өркүндөтүүнүн аныктоочу жана натыйжалуу шарттарынын бири болууда.

Мугалимдин ролу – өнүгүүнүн табигый багытын бузбастан, окуучулардын жаш курактык өзгөчөлүгүн, өнүгүү деңгээлин эске алуу менен окуу-тарбия процессин рационалдуу жана максатка ылайык куруу, алардын көркөм чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн туура нукта, багытта стимулдаштыруу. Ушуга байланыштуу элдик көркөм көл оңочүлүктүн салттарынын негизинде окуучунун эоестүү ой жүгүртүү чеберчилигин өнүктүрүү табигый жана методикалык жактан ылайыктуу. Элдик чыгармачылыктын чыгармалары менен таанышуу окуучуларды сабакта ар кыл боектогу түстүү материалды колдонууга, көркөм ишмердүүлүгүн ар тараптуу өнүктүрүүгө үндөйт, натыйжада мугалим мектеп окуучуларын идеялык-көркөмдүк тарбиялоо ишин натыйжалуу жүргүзүүгө мүмкүндүк алат. Окуучулар ири көлөмдөгү таасирлерге кабылуу менен, аларды ой чабытында иштеп чыгышат жана өздөрүнүн чыгармачылык ишмердүүлүгүнө ишке ашырышат. Элдик чыгармачылыктын салттарын окуу процессинде пайдалануу окуучулардын турмуштук таасирлеринин тажрыйбасын дайыма кеңейтип, толуктап, байытып турат.

Ошентип, мектеп окуучуларынын элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн, айрыкча оюм-чийимдиктин негизинде чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү инсандын

калыптанышына, курчап турган дүйнөнүн объективдүү мыйзамдарын терең баамдашына, элестүү ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүүгө, көркөм искусствонун жардамы менен чындыкты реалдуу өздөштүрүүгө көмөктөшөт.

Мектептин биринчи кезектеги милдеттеринин бири окуучуларга көркөм сүрөт жана кол өнөрчүлүк искусствосунун образдуу тилин үйрөтүү, ошондой эле өз элинин көркөм маданиятын дүйнөлүк көркөм маданияттын контекстинде өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын улуттук ар-намысын, патриоттук, интерулуттук сезимдерин тарбиялоо аркылуу курчап турган чындыкты эстетикалык кабыл алууну жана жогорку эстетикалык муктаждыктарды калыптандыруу болуп саналат.

Демек, жогоруда айтылгандарды талдоо менен, азыркы билим берүүнүн жана тарбиялоонун башкы жетектөөчү принциби – маданий каада-салттарды изилдөө, руханий баалуулуктардын өз алдынча маанисин таануу, өткөндүн маданий потенциалын негизсиз танууну четке кагуу болуп саналат деп ишенимдүү айта алабыз. Кыргыздын элдик көркөм кол өнөрчүлүгү өзүнүн колориттүүлүгү, көп түрдүүлүгү жана жарашыктуу көркөмдүүлүгү менен өзгөчө жагымдуу [2, 9-б]. Кыргыздардын эпосу, фольклору, музыкасы, бийлери, көркөм кол өнөрчүлүгү жана көркөм сүрөт искусствосу, архитектуралык эстеликтери – мунун баары тынымсыз кыймылдын, орун алмаштыруунун жана мейкиндик менен убакытка карата алардан жаралган өзгөчө мамилесинин мөөрүн камтыйт.

Билим берүүнү түп-тамырынан бери жакшыртуу боюнча коомдун алдына коюлган милдеттерди чечүү педагогика илиминен чыгармачылык жигердүү, ар тараптуу билимдүү, кемчиликсиз инсанды тарбиялоонун бардык формаларын жана ыкмаларын натыйжалуу пайдаланууну талап кылат. Бул коомдук тапшырыкты аткаруу үчүн элдин гениалдуулугун, материалдык маданияттын объектилерин түзүү процессинде ачылуучу алардын жамааттык акыл-эсин жана эркин, адам баласынын керектөөлөрүнө жана суроо-талаптарына (анын ичинде эстетикалык) жооп берүүчү предметтик чөйрөнү байланыштыруу зарыл [3, 11-б]. Көптөгөн муундардын акылмандыгын-даанышмандыгын жана талантын, шык-жөндөмүн өзүнө сиңирген элдик чыгармачылык бул сапта алдыңкы жетектөөчү орунду ээлейт жана, арийне, жаштар тарабынан изилденип, өнүктүрүлүшү кажет. Ал бир эле убакта элестүү ой жүгүртүүнү жана фантазияны өнүктүрөт, инсандын активдүүлүгүн жана башка көптөгөн жакшы сапаттарын жогорулатат. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктү үйрөнүү жана өздөштүрүү боюнча иш учурунда алынган билим, билгичтик жана көндүмдөр чыгармачылык процессти активдештирет, таанып-билүүчүлүк процесстерин: сезимди, кабылдоону, эс тутумду, ой жүгүртүүнү өнүктүрөт.

Жалпысынан, каралып жаткан ишмердүүлүктөгү чыгармачылык активдүүлүктү жогорулатуу үчүн маанилүү болгон айрым мүнөздөмөлөрдү психологиялык талдоодо биз мектеп окуучуларында руханий өсүүгө болгон ички муктаждыктын өсүшүн, реалдуулукту эстетикалык кабыл алууну, билим алуу жана аларды практикалык пайдаланууга болгон муктаждыкты белгилейбиз. Көркөм жана чыгармачылык ой жүгүртүүнүн өнүгүшү, акырында, анын бардык көрүнүштөрүндө ишмердүүлүктүн активдешүүсүнө өбөлгө түзөт [4, 83-б].

Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн чексиз педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү бар, анткени ал жеке жана жамааттык түрдө ишти уюштурууга мүмкүндүк берет. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү муундан-муунга өткөрүп берүүнүн этнопедагогикалык тамырлары, азыркы педагогика илиминин өнүгүшү, билим берүү процессинин жогорку натыйжаларын берип жатат. Инсандык мамилеге жана окуучунун жаш курактык өнүгүү деңгээлине, индивидуалдык өзгөчөлүгүнө жана кызыгуусуна негизделген кызматташтык педагогикасы элдик

чыгармачылык сунуштаган жамааттык ишмердүүлүктүн мүмкүнчүлүктөрүн да кеңири колдонот. Мектеп окуучуларынын эмгегин мындай уюштуруу алардын сабакка болгон кызыгуусун жана чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге салттуу элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн материалдарынны негизинде окуучулардын таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүгүн жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү инсандын калыптанышына өбөлгө түзөт, курчап турган айланадагы дүйнөнү терең кабыл алууга көмөктөшөт, абстракттуу-образдуу элестүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт жана көркөм искусствонун каражаттары менен чындыкты реалдуу өздөштүрүүгө жардам берет [5, 110-б].

Жогорку эстетикалык керектөөлөрдү калыптандыруу маселелерин чечүү менен бирге окуучуларга элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн образдуу-элестүү улуттук тилин үйрөтүү, ошондой эле дүйнөлүк көркөм маданияттын контекстинде кыргыз элинин маданиятын өздөштүрүүнүн негизинде сыймык жана улуттук ар-намыс, патриоттук жана интерулуттук сезимдерин тарбиялоо маанилүү болуп саналат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Сулайманова Ж.Н., Качкын к.Э., Творчество как один из элементов самостоятельной работы студентов. – Б.: Вестник КГУ им. И. Арабаева, 2020 г.
2. Лихачев Б.Т. Эстетика воспитания – М.: Педагогика, 1987. – С.49.
3. Вишнякова Н.В. Креативная педагогика. – Минск,1999. – С.39.
4. Развитие творческой активности студентов: опыт, проблемы, перспективы./Под ред. В.С. Рахманина. – Воронеж: Издательство ВТУ, 1998. – С.160.
5. Капица П.Л. Эксперимент. Теория. Практика. Статьи и выступления. – М.: Наука, 1986. – С.253.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Иманкулова С.Э.**